# Себептер

**Баары болуп 6 968 (100%)** окуучу

**Алардын ичинен 400 (5,6%)** окуучу мектепке барган эмес

**«Жеткиликтүү мектеп» долбоору**

Баткен облусунун Лейлек районундагы төрт айылдык аймакта (АА) ишке ашырылган

**июнь 2014 - июль 2015**

**16** айылда **22** мектеп

Department for International Development

UKaid from the British people

юнисеф




## Эмне үчүн балдар мектептен калууда?




Балдар сабакка катышпай калган чакта жергиликтүү жамаат окуучулардын сабактан калып жаткан көйгөйүн чечпей келет

*Ата-эне балдарынын сабакка көп катышпай, мектепке барбай калуусунун кесепеттерин коркунуч катары көрүшпөйт.*

*Кошуналар, аксакалдар, жакын туугандар баланы тынчсыздандырган нерселерди байкабайт жана түшүнбөйт.*

*Мектептин жана социалдык педагогдордун баланын сабактан калуу себептерин аныктоо, маселени чечүү жана баланы мектепке тартуу үчүн мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз.*

*Курдаштар сабактан калган же мектепке барбай жаткан баланын жашоосуна кайдыгер.*

# Иш-аракеттер

Долбоор Лейлек районунун 4 пилоттук айылдык аймагында – Жаңы-Жерде, Бешкентте, Маргунда жана Катранда балдардын мектепке кайтып келүүсүнө жардам берди.

Department for International Development

UKaid from the British people

юнисеф

## 1 Маалымдоо жана кызматташтык

Бийликтин 60 өкүлү долбоор канчалык маанилүү болгонун түшүнүшөт жана кызматташтыкка даяр.

## 2 Иш-аракеттер планын макулдашып алуу

Айыл аксакалдары, мектептердин директорлору, социалдык педагогдор, ФАП өкүлдөрү долбоордун иш-аракеттер планын макулдашуу үчүн жумушчу топтордун ишине катышууда.

## 3 Социалдык педагогдорду окутуу

20 социалдык педагог жамаатты мобилдештирүүнү билет, балдарды мектепке кайтаруу жана алардын мектептен чыгып калуусун алдын алуу көндүмдөрүн өздөштүргөн.

## 4 Мугалимдерди окутуу

Мектептердеги 40 педагог окутуу технологиясын жана билим алууда кыйналган балдар менен иш алып баруу механизмдерин өздөштүргөн. 3 предмет боюнча 6 предмет боюнча глоссарийлер, 5 предмет боюнча 25 текшерүүчү барак иштелип чыкты.

## 5 Лидерлерди даярдоо

160 жигердүү ыктыярчы бала сабакка катышпаган балдарды мектепке кайтарууда жана ал жерде кармап калууда социалдык педагогдорго жардам берип келишет.

## Эмне үчүн балдар мектептен калууда?




## 6 Социалдык педагог менен биргелешкен ишмердиги

Сабактан калган балдарга туруктуу мониторинг жүргүзүлүп, натыйжада мектепке барбаган балдардын масштабы белгилүү болду.

## 7 Рейддер

ММК, акимиат жана долбоордун кызматкерлери мектепке барбаган балдардын жүргөн жерин аныктоо максатында базарларда, оюн залдарында, айдоо жана түшүм жыйноо маалында талааларда ай сайын рейд жүргүзүп турушту.

## 8 Маалымат базасы жана мониторинг

Мектепке барбаган балдар боюнча аттары жазылган база түзүлдү. Базадан ар бир баланын мектепке барып-барбаганын ар апта сайын көрүп турууга болот.

## 9 Балдарды тартуу

Социалдык педагогдор социалдык комиссиялар менен биргеликте тизмелерди жана аткарылуч жумуштардын деталдуу планын иштеп чыгышты.

## 10 Калкты мобилдештирүү

Балдардын мектепке барбай калуу көйгөйүн чечүү үчүн 16 айылда 16 демилгелүү топ түзүлүп, 1600дөн ашык киши тартылды.

## 11 Жамааттын салымы

Жамаат, анын ичинде тобокел тобуна кирген балдардын ата-энелери мектепке барбай калуу көйгөйүн жигердүү чечип жатышат.

## 11 Чакан гранттар

Өзгөчө муктаж балдардын сабакка катышпай жаткан көйгөйүн узак мөөнөткө чечүү үчүн 12 демилгелүү топтун иши чакан гранттар тарабынан колдоого алынды.

# Жыйынтыктар – өзгөрүүлөр

Department for International Development

UKaid from the British people

юнисеф

Долбоордун жыйынтыгы боюнча, 16 айылда жамаатты мобилдештирүү жана ар бир айылда демилгелүү топторду түзүү боюнча иштер жасалды. Демилгелүү топтор киреше алып келчү долбоорлорду ишке киргизүү үчүн гранттык колдоого ээ болду. Бул долбоорлордун ишине мектеп жашындагы балдары бар аз камсыздалган үй-бүлөлөр тартылды. Ошондой эле кирешелердин бир бөлүгү оор турмуштук кырдаалда калган башка балдарга да жардам көрсөтүүгө багытталат.

**Бешкент айылдык аймагы:**

- 4 күнөскана курулду жана 1 тигүүчү цех ачылды
- 43 үй-бүлө жумуш менен камсыздалды
- үч мектептен 1-4-класстын окуучулары үч жолу тамактанып турат
- 46 бала жана 5 майып бала материалдык колдоого ээ болду

**Маргун айылдык аймагы:**

- 1 кондитердик жана 1 килем цехи, ошондой эле 1 ресурстук борбор түзүлдү
- 84 бала материалдык колдоого ээ болду
- 8 үй-бүлө жумуш менен камсыздалды
- 10 бала мектепте тамактана алат

**Катран айылдык аймагы:**

- күнөскана курулду
- 3 үй-бүлө жумушка орноштурулду
- 70 бала материалдык жардам алды

**Жаңы-Жер айылдык аймагы:**

- 1 кондитердик цех, 1 күнөскана жана 1 тигүүчү цех ачылды
- 74 балага жана 3 майып балага материалдык жардам көрсөтүлдү
- 14 үй-бүлөгө жумуш орундары түзүлдү

**1**

12 жамаатка балдардын сабакка барбай калуусун болтурбоого багытталган чакан ишканалардан киреше түшүп турат

**2**

Өзгөчө аярлуу топко кирген балдардын ата-энеси ишканаларга жумушка алынды

**3**

Бүтүндөй жамаат – кошуналар, аксакалдар, алыскы туугандар балдардын себепсиз сабактан калбашына көз сала баштады

**4**

Мектептер балдардын сабакка баруусун мурдагыдан да кылдат көзөмөлдөй баштады. Билимдеги жетишпегендиктерди толуктоо үчүн натыйжалуу аспаптар пайда болду.

**5**

Социалдык педагог балдардын мектепке барбай калуусун алдын алууга жардам берет, мектептен чыгып калышы ыктымал балдарды тартып, аларды мектепте кармап калууда.

**6**

Баланын курдаштары анын сабакка катышуусуна көз салып, социалдык педагогдорго жигердүү жардам берүүдө.

**7**

Социалдык педагог, ыктыярчы балдар жана демилгелүү топтун мүчөлөрү ишкананын кирешеси тобокел топко кирген балдардын мектепке барбай калуу көйгөйүн чечүүгө багытталып турусуна көз салышат.